# ДАРЫГЕР

№2
70

И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик
медициналык академиясына 85 жыл

85 лет Кыргызской государственной медицинской
академии им. И. К. Ахунбаева




И.К. АХУНБАЕВ АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
МЕДИЦИНАЛЫК АКАДЕМИЯСЫ

www.kgma.kg

## Урматтуу И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын окутуучулары, студенттери, ординаторлору, аспиранттары, кызматкерлери, бүтүрүүчүлөрү жана ардагерлери!

Биздин «Альма матер» 2024-жылы жаңы чекке өтүп, түптөлгөндүгүбүздүн 85 жылдыгын белгилеп жатабыз!

Бул Кыргызстандагы жогорку медициналык билим берүүнүн калыптануу тарыхындагы маанилүү күн.

Медициналык академия 1939-жылдын 1-сентябрында Фрунзе шаарында 1-курска 200 студентти кабыл алуу менен ишин баштаган.

Бүгүн И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы (КММА) Кыргызстандагы медициналык жана фармацевтикалык кадрларды даярдоо жаатындагы адистештирилген мамлекеттик жогорку окуу жайынын флагманы болуп саналат.

КММАда ЖОЖго чейинки даярдоо борбору (лицей жана даярдоо курстары), көзү начар көргөндөр үчүн медициналык окуу жай, жогорку кесиптик билим берүүнүн 8 факультети, дипломдон кийинки медициналык билим берүү факультети, квалификацияны жогорулатуу, кайра даярдоо жана үзгүлтүксүз билим берүү курстары иштейт.

Бүгүнкү күндө жогорку окуу жайда КР Улуттук илимдер академиясынын 6 анык мүчөсү, 6 корреспондент-мүчөсү, КР Илимге эмгек сиңирген 34 дарыгер жана 10 ишмер, 128ден ашык доктор жана 437 илимдин кандидаты, кадырлуу, жаш, таланттуу, кужурмөн эмгек менен окутуучулар, доцентттер жана профессорлор эмгектенишет. Миңдеген студенттер тобу, анын ичинде жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөн билим алышат.

Баса, азыркы тапта дүйнөнүн дээрлик бардык булуң-бурчунда иштеп жаткан бүтүрүүчүлөрүбүздүн илимий жана практикалык ийгиликтеринин аркасында бизди дүйнөнүн көптөгөн өлкөсү тааныйт.

Студенттерибиз окуудагы, спорттогу, коомдук иштердеги жетишкендиктери менен бизди кубандырып келет. Медициналык окуу жайда билим алуу ар дайым жана бардык жерде кадыр-барктуу иш деп эсептелет.

Анткени КММАнын даңктуу тарыхы, туруктуу учуру, жаркын келечеги бар. Менин оюмча, студенттердин учурдагы муунунан Гиппократтын антына ылайык, мекенге жан аябай кызмат кылуудан үлгү алчудай, кайталай турган чыгаандар чыгат.

Бардык окутуучу, дарыгерлерибизге, ординаторлорубузга, аспиранттарыбызга адамдардын ден соолугун сактоо жана чыңдоо, жогорку квалификациялуу медициналык кадрларды даярдоо, илимий мектептерди өнүктүрүү, ал эми студенттерибизге - кесиптик жана жеке калыптануу иштерине мындан аркы ийгиликтерди каалайм.

Дагы бир жолу республиканын бүтүндөй медицина коомчулугун даңктуу мааараке жана эң сонун «Альма материбиздин» майрамы менен ак дилимден куттуктайм!



## Уважаемые преподаватели, студенты, ординаторы, аспиранты, сотрудники, выпускники и ветераны Кыргызской государственной медицинской академии им. И. К. Ахунбаева!

В 2024 году мы переступили новый рубеж нашей «Alma Mater» – отмечаем 85 летие со дня образования! Это знаковая дата в истории становления высшего медицинского образования в Кыргызстане. Медицинская академия была создана 1 сентября 1939 года в городе Фрунзе, с набором на 1 курс 200 студентов.

Сегодня Кыргызская государственная медицинская академия им. И. К. Ахунбаева является флагманом, единственным в Кыргызстане специализированным государственным высшим учебным заведением в области подготовки медицинских и фармацевтических кадров.

В КГМА функционируют центр довузовской подготовки (лицей и подготовительные курсы), медицинское училище для слабовидящих, 8 факультетов высшего профессионального образования, факультет последипломного медицинского образования и курсы повышения квалификации, переподготовки и непрерывного образования.

На сегодняшний день, в вузе трудятся 6 действительных членов Национальной академии наук КР, 6 член-корреспондентов, 34 заслуженных врачей и 10 деятелей науки КР, более 128 докторов и 437 кандидатов наук, маститые и молодые, безусловно талантливые, поистине трудолюбивые преподаватели, доценты и профессора. Учится многотысячный отряд студентов, в том числе из стран Ближнего и Дальнего зарубежья. Кстати, о нас знают во многих странах мира благодаря научным и практическим успехам наших выпускников, работающих сегодня почти во всех уголках земного шара. Нас радуют наши студенты своими достижениями в учёбе, спорте, общественных делах.

Получить образование в медицинском вузе всегда и везде считается престижным делом. Тем более у КГМА славная история, стабильное настоящее, светлое будущее.

Думаю, нынешнего поколения студентов есть на кого равняться, кому подражать и с кого брать пример беззаветного служения Отечеству, в соответствии с клятвой Гиппократа.

Желаю всем нашим преподавателям, врачам, ординаторам, аспирантам дальнейших успехов в благородном деле сохранения и укрепления здоровья людей и подготовке высококвалифицированных медицинских кадров, развития научных школ, а студентам – профессионального и личного становления.

Еще раз сердечно поздравляю всех и всю медицинскую общественность республики со славным юбилеем и прекрасным праздником «Альма-матер!».

**Ректор КГМА им. И. К. Ахунбаева,**
**профессор Индира КУДАЙБЕРГЕНОВА**

# КГМА заняла первое место в Национальном рейтинге вузов



В Кыргызстане впервые составлен Национальный рейтинг высших учебных заведений. По словам президента Агентства по гарантии качества EdNet Онолкан Уманкуловой, в рамках рейтинга, с октября 2023 года по май 2024 года агентство EdNet провело опрос более 1 000 преподавателей и 500 работодателей страны, которые оценили 55 вузов Кыргызстана.

**Вузы оценивались по следующим критериям:**

– академическая репутация;
– оценка работодателей;
– качество преподавания;
– индекс цитирования;
– количество преподавателей из-за рубежа;
– количество иностранных студентов.

**В десятку лучших вузов КР вошли:**

1) Кыргызская государственная медицинская академия имени Исы Ахунбаева – 461,56 балла.
2) Международный университет «Ала-Тоо» – 453,58 балла.
3) Кыргызский государственный технический университет имени Исхака Раззакова – 46,74 балла.
4) Ошский государственный университет – 415,84 балла.
5) Кыргызско-Российский Славянский университет – 412,74 балла.
6) Кыргызский национальный университет имени Жусупа Баласагына – 404,36 балла.
7) Кыргызский национальный аграрный университет имени К.И.Скрябина – 403,54 балла.
8) Кыргызский государственный университет имени Ишеналы Арабаева – 352,92 балла.
9) Кыргызский экономический университет имени Мусы Рыскулбекова – 324,3 балла.
10) Бишкекский государственный университет имени Кусеина Карасаева – 318,12 балла.

# БИЗДИН ЖЕТЕКЧИЛЕР

**Иса Коноевич Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын 85 жылдык торколуу тоюнда жогорку окуу жайыбызды ар кайсы жылдарда башкарган ректорлор тууарасында сөз кылбай коюуга болбойт. Анткени, ар кандай жамааттын тарыхы да, азыркысы да, аны жетектеген адамдардын талант - жигери, талыбас эмгеги, күч-кайраты менен тыгыз байланыштуу.**

**Сексен беш жылдын ичинде мурдагы медиститут азыркы Медакадемияны бир топ белгилүү дарыгер-окумуштуулар, тажрыйбалуу окутуучу-профессорлор башкарып келишти.**

**Алар өз учурунда окуу-тарбия жараянына белгилүү бир жаңылыктарды кийирип, жогорку адистиктеги врачтарды, андан ары илимпоздорду даярдоого, дегеле республикадагы саламаттыкты сактоо ишине, коомубуздун алга илгерилешине салымын кошушту.**

**Эмесе, урматтуу окурмандар, сиздердин назарыныздарга мурдагы жетекчилерибиз жана азыркы ректорубуз туурасындагы маалыматты сунуштайбыз.**

### ЭЛЬБЕРТ
### Борис Яковлевич –



Кыргыз мамлекттик медициналык институтунун сунуштамасы менен 1939–1940-жылдардагы директору. Ага 2-Москва медициналык институтунун сунуштамасы менен 1940-жылдын апрель айында коргоосуз түрдө медицина илимдеринин доктору деген окумуштуулук даража ыйгарылып берилген.

Б. Я. Эльберт 300 илимий иштин, анын ичинен 18 монография менен 5 окуу китебинин автору. Анын жетекчилиги менен 4 докторлук, 37 кандидаттык иш аткарылып, корголгон. Ал 1940–1945-жылдары микробиология, вирусология жана иммунология кафедрасын башкарган.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары менен үч жолу, башкача айтканда, 1941–1943-жылдары катары менен сыйланат. Кыргыз ССРинин саламаттыкты сактоосунун мыктысы (1939), Кыргызстандын мамлекеттик сыйлыгынын ээси, Кыргыз ССРинин илимине эмгек сиңирген ишмер.

### УДЕРМАН
### Шоела Исерович –



КММИнин 1940–1941-жылдардагы директору, доцент Ш. И. Удерман оперативдик хирургия, топографиялык анатомия кафедрасын 1940–1941-жылдары, андан кийин 1944–1950-жылдарга чейин жетектеп иштеген.

### ЩУПИК
### Платон Лукич –



КММИнин 1941–1944-жылдардагы директору. 1968-жыздан тартып, доктордук диссертациясын жактабай туруп, профессордук даражага татыган педагог-дарыгер, 80 илимий эмгектин автору.

Щупик П. Л. 1952–1954-жылдары жана 1956–1969-жылдары Украинанын саламаттыкты сактоо министри болуп эмгектенет. Ал эми 1954–1956-жылдары СССР Саламаттыкты сактоо министринин биринчи орун басары болот. Эки Ленин, «Эмгек Кызыл Туу», «Октябрь Революциясы», үч «Ардак Белгиси» ордендери жана медалдар менен сыйланган.

### ПЕТУХОВ
### Сергей Карпович –



Кыргыз Мамлекеттик медициналык институтунун 1944–1949-жылдардагы директору.

### АХУНБАЕВ
### Иса Коноевич –



КММИнин 1949–1952-жылдардагы директору. Жергиликтуу улуттук кадрлардан биринчи болуп мединститутту башкарган инсан.

Ахунбаев Иса Коноевич 300 илимий эмгектин автору болуп эсептелет. Анын ичинде 8 монография, эки сөздүк бар. 1949-жылы ага профессор наамы ыйгарылат.

1948-жылы СССРдин медициналык академиясынын мүчө-корреспонденти болуп шайланып, 1954-жылы Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясынын академиктигине шайланган. Академик И. К. Ахунбаевдин жетекчилиги менен медицина илимдеринин 6 доктору жана 35 кандидаты даярдалган.

И. К. Ахунбаев ошондой эле СССРдин жана Кыргыз ССРинин ири коомдук жана мамлекеттик ишмери катары белгилүү.

Ал үч жолу СССР Жогорку Советинин, эки жолу Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына шайланат.

1949-жылдан баштап Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү болгон. И. К. Ахунбаев СССРдин ордендери жана медалдары, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы менен сыйланган, ага «Кыргыз ССРинин илимине эмгек сиңирген ишмер», «Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген врач» деген наамдар ыйгарылган.

2001-жылы И. К. Ахунбаевге көзү өткөндөн кийин жыйырманчы кылымдагы чоң илимий жетишкендиктери үчүн Кыргыз Республикасынын Ардактуу Алтын медалы берилген.

### АЙДАРАЛИЕВ
### Акматбек Айдаралиевич –



КММИнин 1952–1955-жылдардагы директору. 1952-жылы кандидаттык, 1960-жылы докторлук ишин коргогон. 1953-жылы доцент, 1960-жылы профессор болгон.

2 илимдин докторун жана 24 илимдин кандидатын даярдаган. 150 илимий эмгек, анын ичинен 6 монография жана 1 окуу куралын жазган.

1952-жылы Кыргыз илимий тарыхый-медициналык коомун түзгөн. А. А. Айдаралиев үч орден, алты медаль, Кыргыз ССР Жогорку Советинин төрт Ардак грамотасы менен сыйланган. Борбор калаабыздагы көчөлөрдүн бири анын ысымы менен аталган. Ал жашаган үйгө эстелик тактайчасы орнотулган.

Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы.


### НУРГАЗИЕВА
### Фатима Нургазиевна –



КММИнин 1955–1962-жылдардагы директору. 1949-жылдын ноябрында Кыргыз ССРинин Социалдык камсыздоо министри, ал эми 1950-жылы Кыргыз ССРинин Саламаттыкты сактоо министри болуп дайындалган.

Ф. Н. Нургазиева эл депутаттарынын Фрунзе шаардык советинин депутаты, партиянын шаардык комитетинии мүчөсү болуп шайланган.

### ИСАБАЕВА
### Валентина Абдылдаевна –



КМИИнин 1962–1971-жылдардын ортосундагы ректору. 200дөн ашуун илимий эмгектердин, анын ичинде 13 монографиянын автору. Анын жетекчилиги менен илимдин 4 доктору жана 13 кандидаты даярдалган. Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти, республикабыздын илимине эмгек сиңирген ишмер. В. И. Исабаева «Эмгек Кызыл Туу» ордени, медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы жана башка сыйлыктар менен сыйланган.

### ДАНИЯРОВ
### Санжарбек Бакирович –



КММИнин 1971–1987-жылдардагы ректору. 260тан ашуун илимий эмгектердин, анын ичинде 7 монографиянын жана ондогон окуу куралдарынын автору. Ал 30дан ашуун илимдии докторлору менен кандидаттарын тарбиялаган.

С. Б. Данияров 1989-жылы Кыргызстандын Илимдер Академиясынын академиктигине шайланып, ал эми 1996-жылы Кыргыз Республикасынын илим жана техника жаатындагы мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болот.

Профессор С. Б. Данияров эки ирет Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин депутаты, 20 жыл СССР Жогорку Сотунун элдик заседатели, эки жолу Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетининин Текшерүү комиссиясынын мүчөсү болуп шайланган.

Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген врачы (1977), Кыргыз Республикасынын илимдерине эмгек синирген ишмер (1991). Андан сырткары бир топ мамлекеттик орден, медалдар менен сыйланган.

### МУРЗАЛИЕВ
### Арстанбек Мурзалиевич –



КММИнин 1987–1968 жылдардагы ректору.

1968-жылы профессор наамы берилип, 1977-жылы Кыргыз ССРинин Илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти болуп шайланат.

А. М. Мурзалиев 5 илимдин доктору жана 24 кандидатын тарбиялап чыгарган, 6 монографиясы жарык көргөн. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы (1974), Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер (1991). Ал эми 1997-жылы ал «Даңк» ордени менен сыйланат.

### АКЫЛБЕКОВ
### Искендер Кадырбекович –



КММИнин 1996–2004-жылдардагы ректору. 83 илимий иштин, анын ичинде 6 монография, 2 ойлоп табуунун автору. Студенттер менен дарыгерлер үчүн 6 окуу куралын жазган.

И. К. Акылбековдун жетекчилигинин астында медицина илимдеринин 4 доктору жана 5 кандидаты даярдалган.

Медициналык билим берүү жана практикалык медицинага кошкон зор салымы үчүн Польшанын медициналык академиясынын жана Альберт Швейцер атындагы эл аралык академиянын академиги болуп шайланат.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты да болуп шайланган.

### АДАМБЕКОВ
### Доктурбек Адамбекович –



КММАнын 2004–2008-жылдардагы ректору. 2005-жылы Россиянын медициналык академиясынын Ардактуу доктору, ал эми 2006-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти болуп шайланат.

Д. А. Адамбеков 200дөн ашуун илимий иштердин, анын ичинде бир нече врачтар үчүн жазылган колдонмолордун, ойлоп табуулардын автору. Анын жетекчилигинин астында бир топ илимдин кандидаттары жана докторлору даярдалган жана даярдалып жатат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайланган. Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер (1998).

### ЗУРДИНОВ
### Ашыралы Зурдинович –



2009–2016-жылга чейин КММАнын ректору болуп иштеген. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, Эл аралык информатизация академиясынын академиги, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, Ректорлордун европалык клубунун мүчөсү.

Профессор А. З. Зурдинов 250дөн ашуун илимий иштердин, анын ичинде 3 монография, Россия Федерациясынын 2 патентинин, Кыргыз Республикасынын 8 патентинин жана 2 ойлоп табуунун автору. Анын жетекчилигинин астында бир топ илимдин докторлору жана кандидаттары даярдалган.

### КУДАЙБЕРГЕНОВА
### Индира Орозобаевна –

2016-жылдан бери КММАнын ректору болуп иштеп келе жатат.

1983-жылы А. В. Вишневский атындагы хирургия институтунун ординатурасына тапшырып, андан кийин ошол эле институтта аспирант болуп, 1988-жылы кандидаттык диссертациясын жактайт.

Илимий карьерасын улантуу үчүн 1991–1994-ж. Н. А. Семашко атындагы Москва медициналык стоматология институтунун онкология кафедрасынын докторанты болот.

1997-жылдан 2000-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Кыргыз онкология жана радиология илимизилдөө институтунун директору болуп шайланат.

1998-жылы КРнын Онкологдор жана радиологдор Ассоциациясын түптөп, азыркы күнгө чейин төрагасы болуп иштеп келет. 118 басылманын автору: анын ичинде 2 монография, 40 окуу куралдар, 8 окуу-методикалык сунуштар, 1 колдонмо.

«Клиникалык анатомия жана оперативдүү хирургия боюнча очерктер» 4 томдук басылышынын авторлоштору.

Ал ошондой эле 3 патент жана рационализатордук сунуштарга ээ. Индира Орозобаевнанын жетекчилиги астында медицина илимдеринин 1 доктору жана 8 кандидаты даярдалган.

# Кыргызстан мамлекеттик медицина институтунун (КММИ) түзүлүшү биздин республикада саламаттыкты сактоонун жана медицина илиминин өнүгүшүндөгү тарыхый окуя



1939-жылдын 16-апрелинде Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Кеңешинин Токтому кабыл алынып, анын 1-пунктунда «1939-жылдын 1-сентябрынан Фрунзе шаарында Кыргыз мамлекеттик медициналык институту ачылсын жана 1-курска 200 студент кабыл алынсын» деп айтылган. Жогорку медициналык окуу жайдын пайдубалын куруута Москва, Санкт-Петербург, Харьков жана Киев шаарларынан профессорлор жана окутуучулар көмөктөшкөн. 1943-жылы 120 дарыгер медициналык институттун алгачкы бүтүрүүчүлөрү болушкан.

Институттун уюмдарына биринчилерден болуп Москва, Ленинград, Алматы, Ташкент жана башка медициналык институттар баа жеткис көмөктөшүүнү көрсөтүшкөн. Алар кеңеш берүү жана уюштуруу жагынан жардам көрсөтүшүп, медициналык адабияттар менен камсыз кылышкан жана институтка туруктуу иштөө максатында тажрыйбалуу педагог – адистерди жиберишкен. ССКП тарыхы жана политэкономия, нормалдуу анатомия, биология, гистология, жалпы химия, физика, чет тилдер жана башка кафедралар түзүлүп, болгону аларда 16 окутуучу эмгектенишкен. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда Кыргызстанга экинчи Харьков медициналык жана стоматологиялык институту менен Москва стоматологиялык институту көчүрүлүп, Кыргыз мамлекеттик медициналык институтуна кошулган. Согуш учурундагы кыйынчылыктар институттун жумушуна тоскоолдуктарды жаратып, окуу мөөнөттөрү 4–4,5 жылга чейин кыскартылган.

1943-жылы медициналык институтту 120 студент бүтүрүп, жалпысынан ошол жылы 250 дарыгер чыгарылган. Институтту бүтүрүү мөөнөтү согуш аяктаган соң, 1948-жылы 6 жылдык мөөнөткө өткөн. Экинчи курстан баштап анатомия, гистология, физиология жана биохимия боюнча мамлекеттик которулуу сынактары киргизилген. 50-жылдары институтка кабыл алуулар көбөйгөндүктөн, дарыгерлерге кесиптик даярдоо иштерин баштаашкан. 60-жылдары институтта техникалык каражаттарды колдонуу менен билимди программалык текшерүү жумуштары киргизилип, дисциплинанын илимий-изилдөө негиздери иштелип чыккан: окуу элементтери, аларды өздөштүрүүнүн деңгээлдери, графологиялык түзүмдөрү жана башкалар. 70-жылдары медициналык институт физиологиянын, патологиянын, организмди тоолуу шарттарга көндүрүү маселесин чечүүдө СССР аймагында алдыңкы орунда турган. Советтик Республикалардын илимий институттары менен өлкөнүн көпчүлүк жогорку окуу жайлары жана илимий-изилдөө институттары чыгармачылык кызматташуу боюнча келишимдер түзүшкөн. Республикалык изилдөө базаларында жана лабораторияларында биздин институттун окумуштууларынын жетекчилиги астында биргелешкен илимий экспедициялар өткөрүлүп турган.

80-жылдары окуу-методикалык жана илимий изилдөөлөрдүн жүрүшү олуттуу жакшыртылган. КММИ тоолуу медицинанын изилдөө маселелери боюнча интеграциялык байланыштарды күчөтүү максатында эл аралык аренага чыгышкан. Структуралык өзгөрүүлөргө байланыштуу 1996-жылкы Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен институт Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясына реорганизацияланган. 2008-жылдын 25-сентябрындагы Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясына И. К. Ахунбаевдин ысымы ыйгарылган. Ректорат академияга өтүү чараларын рынок экономикасынын шарттарында ишке ашырат. Андан кийин контрактык окутуу системасы пайда болгон. Окуу-методикалык жана илимий-изилдөөлөрдүн жүрүшүн модернизациялоо иштери жүрөт. 2013-жылдан баштап Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттигинин каржылык колдоосу менен «Кыргыз Республикасындагы медициналык билим берүүнү реформалоо» долбоору ишке ашырылууда. Дипломго чейинки деңгээлде жалпы билим берүүчү адистерди даярдоого басым жасоо менен окуу пландарына олуттуу өзгөртүүлөр жүргүзүлүп, окуу пландары толугу менен кайра каралып, маанилүү өзгөртүүлөр киргизилген. Эки клиникалык көндүмдөр борбору ачылып, окуу процессинин сапатына жана студенттердин билимине мониторинг жүргүзүүнүн электрондук системасы менен электрондук китепкана түзүлдү.

2017-жылы бардык адистиктер боюнча региондордо, жакынкы чет өлкөлөрдө (Өзбекстан, Казакстан, Дагестан) жана алыскы чет өлкөлөрдө (Индия, Пакистан, Малайзия, Корея, Түркия) чет өлкөлүк жарандар үчүн децентрализация принциби боюнча практикалык окуу уюштурулган.

2017-жылдын 4-майында Төө-Ашуу ашууда жайгашкан КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин мурдагы Кыргыз улуттук гематология борборунун бийик тоолуу базасынын курулуштары жанаша жер тилкеси менен КММАга өткөрүлүп берилип, 2017-жылдын 14-июнунда бийик тоолуу «Төө-Ашуу» илимий-билим берүү борборунун салтанаттуу ачылышы болду. КММАнын Окумуштуулар кеңешинин чечими менен жаңыланган борборго өлкөнүн алдыңкы гематологу, академик, медицина илимдеринин доктору, профессор Абдухалим Раимжановдун ысымы ыйгарылды.

2019-жылы И. К. Ахунбаев атындагы КММА көз карандысыз аккредитациялык агенттиктердин жогорку баасына татыды. Ушул эле жылы Дарылоо иши факультетинин англис тилинде окуган студенттери үчүн профессор И. Акылбеков атындагы кампус ачылган.

2019-жылдын 9-июнунда КММАнын окутуучулары жана студенттери КММА атындагы Оруу-Сай аймагындагы чокуга чыгышып, Медициналык академиянын желегин 3861 м бийиктикке орнотушту.

2019-жылдын 18-июнунда Ажыдаар топ жылдыздарынын бири И. К.Ахунбаев атындагы КММА деген ысымга ээ болгон, аны «Роскосмос» корпорациясынын сертификаты далилдеп турат. Ажыдаар топ жылдызы Түндүк жарым шарда жайгашкан. Аны жылдын каалаган убагында горизонттон көрүүгө болот.

Ушул жылы конференц-залдын имаратынын курулушу башталып, негизги окуу корпустарын жана жатаканаларын оңдоо, аймактарды жашылдандыруу, спорттук аянт уюштуруу жана эс алуу жана маданий-агартуу иш-чараларын өткөрүү планы бекитилип, аткарылды.

Бирок эң окуялуу жана натыйжалуу кийинки беш жылдык 2019–2024-жылдар болду.

Биринчиден, КММА 2022-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 18-июлундагы Жарлыгына ылайык, өлкөдөгү башка беш алдыңкы университеттер менен бирге Өзгөчө статуска ээ болуп, окуу жайга кеңири уюштуруучулук, финансылык жана академиялык автономия берилди.

2020-жылы Сапатты камсыздоо саясаты кайра каралып, КММАнын 2021–2030-жылдарга жаңы өнүгүү стратегиясы кабыл алынган. Ошол эле учурда негизги эл аралык рейтингде Азиядагы алдыңкы медициналык окуу жайлардын бири болуу деген дымактуу максат коюлду.

Студенттердин саны көбөйүп, учурда 9500 (анын ичинен 2800дөн ашыгы чет элдиктер), 1660 ординаторлор жана 430 интерндерди, 216 аспиранттарды, ошондой эле 300ү лицейдин окуучуларын түзөт.

Белгилей кетсек, ординатура 112 адистик боюнча, аспирантурада жана докторантурада 80 адистик боюнча жүргүзүлөт. Багыттардын жана билим берүү адистиктеринин спектри кеңейди. Кыргызстандын Коргоо министрлигинин колдоосу менен КММАнын базасында аскердик-медициналык факультет ачылды.

2023-жылы И. Раззаков атындагы КМТУ менен биргеликте түзүлгөн Медициналык инженерия факультети пайда болду. «Жаркын Кыргызстан – LUPIC» (Эл аралык кызматташтык боюнча алдыңкы университет долбоору) долбоорунун алкагында жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомуна ылайык, учурда медайымдарды окутуу чет өлкөлүк үлгү боюнча жүргүзүлүүдө: 4 жыл бакалавр даражасы, андан кийин магистр даражасы.

Убакыттын талабы боюнча жаңы бөлүмдөр уюштурулган: кардиохирургия жана эндоваскулярдык хирургия дипломдон кийинки медициналык билим; клиникалык стоматология жана имплантология дипломдон кийинки билим; калыбына келтирүү жана пластикалык хирургия; тоо физиологиясы жана медицинасы; изилдөө башкаруу.

Биомедициналык изилдөөлөр илимий борборунун базасында студенттик стартаптарды илгерилетүү үчүн «бизнес-инкубатордун» ачылышын белгилей кетсек болбос.

Ошого жараша мугалимдердин курамы да көбөйдү. Окуу жайдын 63 бөлүмүндө жана 8 борборунда 1357 кызматкер эмгектенет. Мында 916 штаттык кызматкер, 441 штаттан тышкаркы кызматкер, Кыргызстан Улуттук илимдер академиясынын алты окумуштуусу жана 6 мүчө-корреспондент, 128 илимдин доктору (88 профессор), 435и илимдин кандидаттары (203 доцент), анын ичинде 38 – эмгек сиңирген дарыгерлер, 11 – Илимге эмгек сиңирген ишмер, 5 – Саламаттык сактоо, 3 – Билим берүү, 1 – Маданият жана 2 – Социалдык тармактарга эмгек сиңирген ишмерлер. 15 адам Кыргыз Республикасынын ордендери жана медалдары менен сыйланган. Экөө (академиктер М. М. Мамакеев жана М .М. Мамытов) «Ак шумкар» өзгөчө белгиси бар Кыргыз Республикасынын Баатыры (Кыргыз Республикасынын Баатыры) мамлекеттик жогорку наамына ээ.



Бир катар кесиптештер Кыргыз Республикасынын Илим жана техника жаатындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаттары жана И. К. Ахунбаев атындагы академиялык илимий сыйлыктын ээлери.

КММАда билим берүүнүн сапатын жогорулатуу окуу пландарын жаңылоону, заманбап факультативдик курстарды киргизүүнү, билимди жана практикалык көндүмдөрдү текшерүүнү жакшыртууну, семинар-тренингдерди өткөрүүнү, бардык этаптарда – университетке чейинкиден аспирантурага чейин – окууну оптималдаштырууну жана башка көптөгөн иштерди камтыйт.

Темпус программасынын алкагында тил үйрөнүүнү өркүндөтүү үчүн Тил үйрөнүү борбору түзүлдү.

Бардык бөлүмдөр жана түзүмдүк бөлүмдөр электрондук китепканага кошулуп, интернет жана Wi-Fi менен жабдылган. Компьютерлердин, интерактивдүү панелдердин жана башкалардын саны жетиштүү. Заманбап компьютерлер, лабораториялык, медициналык жана башка жабдуулар ыраатуу түрдө сатылып алынат.



# Кыргызстан мамлекеттик медицина институтунун (КММИ) түзүлүшү биздин республикада саламаттыкты сактоонун жана медицина илиминин өнүгүшүндөгү тарыхый окуя

Кеңсе ишинин автоматташтырылган маалымат системасы – AVN – дайыма өркүндөтүлүп турат. Сабактардын жана лекциялардын, учурдагы экзамендердин жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын графиги электрондук түрдө киргизилди, электрондук журналдар жана ведомосттор оңой эле тамыр жайды.

Билимди баалоонун баллдык-рейтингдик системасы жана бардык бөлүмдөрдүн бирдиктүү отчеттук системасы салтка айланган. Практикалык жана клиникалык көндүмдөрдү алуу академиянын төрт клиникалык базасында, ошондой эле республикалык, шаардык, областтык жана райондук саламаттыкты сактоо уюмдарынын ушул сыяктуу базаларында жүргүзүлөт. Саламаттыкты сактоо мекемелери менен 340тан ашык келишим түзүлгөн, анын 201и Бишкек шаарында, 47си аймактарда, 97си чет өлкөлөрдө кеңири мүмкүнчүлүктөргө ээ. Копенгагенде жана Варшавада, Зальцбургда, Гамбургда жана Берлинде, Неаполдо жана Миланда, Анкарада жана Стамбулда, Нью-Делиде жана Женевада биздин алдыңкы окумуштуулардын докладдары окулууда.

2009-жылдан бери Медициналык академия тарабынан «КММАнын жарчысы» илимий журналы чыгып келе жатат, ал жакында эле «Евразиялык саламаттыкты сактоо журналы» деп аталды.

КММАнын аспирантурасы жигердүү иш алып барууда, муну менен профессордук-окутуучулук курамды жаш жогорку квалификациялуу кадрлар менен такай жаңылоону жана толуктоону камсыз кылууда. Кадрларды даярдоого 30 илимий адистик боюнча коргоо иштерин жүргүзгөн 13 диссертациялык кеңештин (башка медициналык уюмдар менен бирдикте) болушу көмөктөшөт.

Бүткүл дүйнөлүк үй-бүлөлүк дарыгерлер күнүнө жана алдыдагы окуу жайдын юбилейине карата массалык жарыш КММА кызматкерлерди жана студенттерди материалдык жана моралдык жактан кызыктыруунун ар кандай формаларын кеңири колдонот. Сыйлангандарга: «КММАнын ардактуу профессору» наамы (сырткы кесиптештери үчүн), «КММАга сиңирген эмгеги үчүн» жана «Кесипке берилгендиги үчүн» юбилейлик медалдары, «Илимий-изилдөө иштериндеги ийгилиги үчүн» төш белгиси, ошондой эле И. К. Ахунбаев атындагы КММАнын Ардак грамотасы жана ыраазычылык каты берилет. Жакында КММАнын академиги деген ардактуу наам жөнүндө Жобо кабыл алынды.

Учурда КММА дүйнөнүн 23 өлкөсүндө жайгашкан жүзгө жакын чет өлкөлүк университеттер, илимий борборлор жана медициналык






(Россия Федерациясы, Борбордук Азия республикалары, Түркияда көбүнчө студенттер жана ординаторлор практикадан өтүшөт).

2023-жылы кызмат көрсөтүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу жана маалымдуулугун жогорулатуу максатында «бирдиктүү терезе» принцибинде иштеген Студенттерди жана кызматкерлерди тейлөө борбору ачылды.

Тармак аралык илимий-окуу борбору биомедициналык изилдөөлөр илимий борбору катары белгилүү болуп, анын базасында КММАнын 15 кафедрасы өз изилдөөлөрүн жүргүзөт. Борбордо 5 лаборатория бар, алардын экөө (иммунно-ферменттик анализдер лабораториясы жана кыргыз-европалык трансляциялык медицина лабораториясы) таптакыр жаңы.

КММАнын базасында дүйнөлүк масштабдагы илимий иш-чаралар барган сайын көбөйүүдө: эхинококкоз (2023), урология (2023), педиатрия (2023), түрк дүйнөсүнүн травматологдорунун жана ортопеддеринин IV конгресси ж. б.

КММАнын илим күндөрү кеңири масштабда уюштурулуп, анын ичинде студенттик илимий иш-чаралар – конференциялар, конкурстар жана олимпиадалар өткөрүлөт. Мугалимдер жана студенттер билим берүү жана илимий-изилдөө иш-чараларына катышуу үчүн кеМедакадемиянын окуу, илимий жана терапиялык медициналык борборунда ар кандай операцияларды жана диагностикалык процедураларды жүргүзүү үчүн бардык шарттар түзүлгөн, анда анализдердин негизги түрлөрү жүргүзүлөт. Бул борбордун калкка сапаттуу медициналык кызматтардын кеңири спектрин көрсөткөндүгү үчүн «Үлгү-2022» сыйлыгын жеңип алганы бекеринен эмес.

Бардык клиникалык бөлүмдөр өздөрү бекитилип берилген базалардын иштерине активдүү катышышат. Ал эми 2022-жылдын март айынан баштап № 9 жатакананын имаратында жайгашкан үй-бүлөлүк медицина кафедрасынын медициналык борборунда бейтаптарды дарылоо жана студенттерди, ординаторлорду окутуу үчүн бардык керектүү жабдуулар менен жабдылган бөлмөлөр бар.

КММАнын дарылоочу жана ден соолукту чыңдоочу ролу өзгөчө коронавирус менен шартталган пандемия учурунда байкалды. Жай 2020 жана 2021 КММАнын 6-жатаканасынын базасында (Улуттук фтизиатрия борбору менен бирге) COVID-19 менен күрөшүү үчүн 100 орундуу инфекциялык бөлүм (убактылуу оорукана) түзүлгөн.

Окуу жайдын 85 жылдыгына бир катар ири спорттук жана эс алуу иш-чаралары арналды, анын ичинде: уюмдар менен кызматташат, 10 республикалык жана эл аралык билим берүү, илимий жана медициналык бирикмелердин жамааттык мүчөсү болуп саналат, бир нече эл аралык долбоорлорго катышууда: беш билим берүү, алты – академиялык мобилдүүлүк үчүн, тогуз – изилдөө үчүн. Мугалимдердин жана студенттердин эл аралык академиялык мобилдүүлүгү бир топ жогорулады.

Акыркы үч жылдын ичинде бардык окуу имараттары жана жатаканалар мыкты формага келтирилип, алардын айланалары жашылдандырылды. Өзгөчө башкы имаратты оңдоодо анын архитектуралык-тарыхый көрүнүшү, сейрек кездешүүчү архитектуралык-дизайндык мозаика жана сүрөттөр калыбына келтирилген. Унаа токтотуучу жайлар жана жаңы арка түрүндөгү кире бериш бөлмөсү орнотулду. КММАнын сейил багында 2021-жылдын күз айларында Кыргызстандын медицина кызматкерлерине, атап айтканда, КОВИДдин кесепеттерин жоюуга биринчилерден болуп тоскоол болгон КММАнын кызматкерлеринин урматына эстелик орнотулган.

Заманбап технология менен жабдылган, чоң билим берүү, маданий жана оюн-зоок иш-чараларын өткөрүүгө ылайыкталган 500 орундуу конференц-зал ачылып, жигердүү пайдаланууда. Бул жерде КММАнын Тарых музейи жайгашкан, ал келечекте Кыргызстандын бардык медицинасынын тарыхынын борбору болот деген үмүттөбүз. Башкы имараттын түштүк тарабындагы мейкиндикте театралдык аянтча курулган, анын ичинде боз үй катары стилдештирилген кооз сахна жана катар-катар отургучтар орнотулган.

Башкы корпустун өзүндө эмеректерди алмаштыруу менен жыйындар залы түп-тамырынан бери реконструкциялоо жүргүзүлүп, чоң LED экран орноштурулуп, синхрондук котормо үчүн стенд кошулган. Заманбап интерактивдүү панелдер башкы корпуста жана башка аудиторияларда интернет менен камсыз болгон. Жолугушууларды жана семинарларды өткөрүү үчүн бир жолугушуу залы жана эки конференц-зал оңдолуп, жабдылган.

Капиталдык оңдоп-түзөө иштерине морфологиялык корпустун аудиториялары да кирди. 2024-жылдын март айында бул жерде гистология музейи ачылды.

2024-жылдын 3-июлунда Морфологиялык корпустун жанында жайгашкан билимди текшерүү жана клиникалык көндүмдөрдү өнүктүрүү боюнча жаңы имарат бүтүп, ишке берилди. Бул мекеме студенттердин даярдыгынын деңгээлин компьютердик баалоого жана студенттердин чоң агымынын практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет.



Белгилүү болгондой, 2022-жылдын июнь айында өлкө башчысынын катышуусунда Баткен шаарында КММАнын заманбап окуу-медициналык комплексинин курулушу башталган. Бул объектини юбилейлик жылдын аягына чейин бүткөрүү пландаштырылган. Республикалык онкология жана гематология борборунун аймагында жети кабаттуу Академиялык клиниканын курулушу кызуу жүрүп жатат. Келечектеги имараттын эки кабаты гематологияга арналган.

2022-жылы КР Өкмөтүнүн буйругу менен кейиштүү абалда турган Республикалык диагностикалык борбор Медициналык академияга өткөрүлүп берилген. КММА РДБнын он эки миллион доллар карызын төлөп гана тим болбостон, аны рационалдуу түрдө кайра түзө баштады.

Акыркы беш жылдын ичинде КММА Улуттук профилдик аккредитациядан (2019), институционалдык аккредитациядан (2020), ошондой эле Эл аралык баштапкы программанын аккредитациясынан жана 2021-жылдын июнь айында – Эл аралык институционалдык аккредитациядан өттү. Көп жылдар бою ал ЖРТнын эң жакшы жыйынтыгы менен абитуриенттер тандаган ТОП 10 Кыргызстандын ЖОЖдорунун ичинен 2–3-орундарды ээлеп келет.

2022-жылдын Глобалдык Агрегацияланган Рейтингинин жыйынтыгы боюнча биздин окуу жай дүйнөнүн ТОП 100 мыкты ЖОЖдоруна кирди, Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун Көз карандысыз рейтинги – 2022де биринчи орунду жана Хирша индекси – 2023 боюнча Кыргызстандын Улуттук рейтингинде ушундай эле орунду ээледи.

Ал эми жакында жарыяланган Кыргызстандын бардык ЖОЖдорунун рейтингинде алардын профилине карабастан КММА 1-орунду ээлеп, алдыңкы беш окуу жайдын катарына кирген, анын ичинде Ала-Тоо университети, КМТУ, ОшМУ жана КРСУ бар.

КММАда салттуу майрамдык иш-чаралар: Студенттик демилгелер, Ачык эшиктер күнү, бүтүрүү кечелери, Окумуштуулар кеңештери, улуттук жана мамлекеттик майрамдар - Нооруз, Мамлекеттик тил күнү, Ак калпак күнү, Ата Мекенди коргоочулар күнү, Аялдардын эл аралык күнү, Жаңы жыл жана башкалар кызуу өткөрүлүп келет.

# Восхождение студентов и преподавателей Медакадемии на пик КГМА



В честь 85 летнего юбилея вуза, 22 июня 2024 года студенты и сотрудники Кыргызской государственной медицинской академии им. И. К. Ахунбаева совершили восхождение на пик Медакадемии Кыргызстана, что находится в 35 километрах от Бишкека в Оруу-Сайе.

Все собрались утром, в 04:00 возле вуза и выдвинулись в путь. Приехали на горнолыжную базу Чункурчак, разобрали экипировку, прибывшие гиды рассказали о технике безопасности и так далее. Путь наверх занял примерно 11–12 часов. По сложности пик КГМА – это нечто среднее между Комсомольцем и Зеленковой, а значит подходит как новичкам, так и опытным восходителям.

Отметим, что в горах местности Оруу-Сай появился пик КГМА им. И. К.Ахунбаева, в честь 80 летнего юбилея вуза.

Восхождение на вершину высотой 3 тыс. 861 метров и установку там таблички «9 июня 2019 года» осуществили студенты и преподаватели Академии, из 32-х до пика дошло 22 человека.

# В ЧЕСТЬ ВСЕМИРНОГО ДНЯ СЕМЕЙНОГО ВРАЧА И 85 летия КГМА ПРОШЕЛ ЗАБЕГ



Кафедра семейной медицины постдипломного образования КГМА им. И. К. Ахунбаева, кафедра физического воспитания, профсоюзный комитет сотрудников, студенческий профсоюзный комитет, отдел воспитательной и организационно-массовой работы, Студенческий сенат провели забег в честь Всемирного дня семейного врача и 85 летия КГМА, который состоялся 26 мая сего года в парке Победы.

На это спортивное мероприятие привлекли студентов и сотрудников вуза, они соревновались на трех дистанциях – 1 км, 3 км и 5 км. Забег стартовал в 9 утра. Все финишеры были отмечены медалями.

В рамках забега было определены 30 призеров в категориях женщин и мужчин на трех дистанциях.

Они были награждены дипломами и денежными призами.

Подобный забег проводится третий год. Мероприятие посетило руководство вуза.

## Поэтическое поздравление к 85 летию КГМА от Анэса Зарифьяна, выпускника лечебного факультета КГМИ 1970 года

**Коллеги и друзья мои!**
**Как выпускник КГМИ,**
**Профессор, а в душе поэт,**
**Что 50 уж с лишним лет.**
**Назад – окончил этот ВУЗ,**
**Я всё же утверждать берусь.**

**Что и тогда был очень крут**
**Наш первый Госмединститут.**
**Который ныне взял рубеж,**
**Достигнув даты –**
**ВОСЕМЬДЕСЯТ ПЯТЬ.**

**И я хотел бы пожелать,**
**Медакадемии теперь.**
**Чтоб ни душа её, ни дверь**
**Закрыты не были вовеки.**

**Пускай грядущие коллеги**
**Сюда стремятся поступить,**
**Чтоб дальше истово служить,**
**Святой и вечной медицине! –**
**Неважно, в Чуйской ли долине**
**Или подавшись за рубеж.**

**Прекрасный возраст**
**ВОСЕМЬДЕСЯТ ПЯТЬ –**
**Период зрелого расцвета.**
**Сегодня в вузе видно это**
**По многим признакам, достор!**

**Достаточно лишь кинуть взор**
**Хотя б на главный корпус наш,**
**Его приятный антураж**
**И обновлённый интерьер...**

**Да тысячу один пример**
**Прогресса я могу привесть,**
**Поскольку чувствуется здесь**
**Рука заботливой Хозяйки!**

**(Не мне, а ей поставьте**
**лайки,**
**Спешите комментом**
**воздать).**
**Так продолжай же**
**процветать,**
**Любимая КГМА,**
**И пусть в минуты торжества**
**Все наши речи, поздравленья**
**Тебе поднимут настроенье!!!**

**А.Г. ЗАРИФЬЯН,**
**учёный-физиолог, профессор,**
**Заслуженный работник**
**образования и деятель культуры**
**Кыргызстана**

## ӨРКҮНДӨЙ БЕР, ӨСӨ БЕРГИН МИҢ КЫЛЫМ!

**85 жыл – мезгил жеңил өтпөгөн.**
**Жүрөгүңдө жалын такыр өчпөгөн,**
**Окуу жайы, миңдеген дарыгерлердин,**
**Өмүр сакчы болуп кызмат өтөгөн.**

**85 жыл – жашсыңбы дейм кыязы.**
**Сен болосуң ден соолуктун уясы.**
**Сенден окуу, билим алуу чоң сыймык,**
**Окуу жай көп, Сендей кана бир азы!**

**85 жыл – он беши жок бир кылым.**
**Тарых үчүн чегилчү эле бир чылым.**
**Окуу жайым эч чарчаба талыкпа,**
**Өркүндөй бер, өсө бергин миң кылым!**

**КЫЛЧЫКБАЕВ Азамат Кенешбекович,**
**И. К. Ахунбаев атындагы**
**КММАнын онкология кафедрасынын**
**ассистенти**

Дарыгер

КММАнын токсондук гезити
Ежеквартальная газета КГМА

Гезит бекер таратылат.
Газета распространяется бесплатно.

РЕДАКТОР
Осконалиева Раушан Атайбековна

ЧЛЕНЫ РЕДАКЦИОННОГО СОВЕТА:

*Ырысов К. Б. – проректор по учебной работе*
*Бримкулов Н. Н. – заведующий кафедрой семейной медицины/постдипломное обучение*
*Асаналиев Н. Д. – заместитель декана ЛДЯО*
*Акылбекова А. А. – преподаватель, завуч кафедры кыргызского языка*
*Абдыбалиева К. – доцент кафедр физики, математики, информатики и компьютерных технологий*
*Ибраимов А. – аспирант КГМА*
*Токоев Ж. К. – студент 6-го курса факультета «Лечебное дело»*
*Мусабекова Э. Э. – студентка 6-го курса факультета педиатрии*
*Максатбеков Байырбек – студент 6-го курса факультета стоматологии*
*Абышева Шахрина – студент 6-го курса факультета медико-профилактического дела*

РЕДАКЦИЯНЫН ДАРЕГИ:
Бишкек ш., И. Ахунбаев көч., 92
т. 54-31-60
Адрес редакции:
г. Бишкек, ул. И. Ахунбаева, 92

Зак. . Тираж 500.